УДК 37.377
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-215-218

**КЕЛДИБАЕВА Н.А.**
Ош көп профилдүү колледжи
**КЕЛДИБАЕВА Н.А.**
Ошский многопрофильный колледж
**KELDIBAYEVA N.A**
Osh multi-profile college

# К. АРТЫКБАЕВДИН ОКУУ КИТЕБИНДЕГИ 1941-1960-ЖЫЛДАРДАГЫ ДРАМА ЖАНРЫН ЛЕКЦИЯДА «ООЗЕКИ РЕЧТИ ӨСТҮРҮҮЧҮ СТРАТЕГИЯЛАР» МЕНЕН ОКУТУУ

## ПРЕПОДАВАНИЕ ДРАМАТИЧЕСКОГО ЖАНРА 1941-1960-Х ГОДОВ НА ЛЕКЦИИ «СТРАТЕГИИ РАЗВИТИЯ УСТНОЙ РЕЧИ» В УЧЕБНИКЕ К. АРТЫКБАЕВА

## TEACHING THE DRAMA GENRE OF 1941-1960S IN K ARTYKBAEV'S SCHOOL WITH "STRATEGIES FOR DEVELOPING ORAL SPEECH" IN THE LECTURE

**Кыскача мүнөздөмө:** Илимий макаланын максаты К. Артыкбаевдин окуу китебиндеги 1941-1960-жылдардагы драма жанрын ЖОЖдордун окуу процессинде оозеки кепти өстүрүүчү стратегиялар менен окутуу болуп саналат. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде көрүнүктүү драмалык чыгармалар кыргыз адабиятында бирин-экиндеп, гана саналса, 1950-1960-жылдарда ал сан жана сапат жагынан да кескин арбыды. Согуш мезгилиндеги кыргыз драматургиясын өнүктүрүүдө А. Осмоновдун, А. Токомбаевдин, К. Маликовдун, К. Жантөшевдин, Т. Абдумомуновдун, К. Эшмамбетовдун чыгармаларынын идеялык, сюжеттик мазмунун жогорку окуу жайдын филологиялык адистигиндеги студенттерге түшүндүрүү, ал аркылуу студенттердин оозеки кебин өстүрүү негизги максаты катары макаланын мазмунун түзөт. Согуш мезгилиндеги адамдардын психологиялык абалдарын чагылдырып, ага терең баа берилип жазылган драмалык чыгармалар мезгилдин кайсыл учур болбосун актуалдуу. Макалада 1941-1960-жылдардагы драма жанрын лекцияда студенттердин оозеки кебин өстүрүү үчүн, башкача айтканда, сүйлөө ишмердүүлүгүн өнүктүрүүчү айрым стратегиялар жана ыкмалар сунушталды.

**Аннотация**: Целью научной статьи является преподавание произведений драматического жанра периода 1941-1960 годов по учебнику К. Артыкбаева с использованием стратегии повышения уровня овладения устной речью в учебном процессе вузов. В период Великой Отечественной войны в киргизской литературе было всего несколько выдающихся драматических произведений, но в 1950-1960-е годы их количество и качество резко возросли. Цель привлечения киргизской драматургии военного период – посредством беседы об идейно-сюжетном содержании произведений А. Осмонова, А. Токомбаева, К. Маликова, К. Жантошева, Т. Абдумомунова, К. Эшмабетова со студентами филологического факультета вуза развивать устное общение. Драматические произведения, отображающие психологическое состояние людей во время войны и написанные с глубокой эмоциональной насыщенностью, актуальны в любой период. В статье предложены некоторые стратегии и методы развития речевой деятельности студентов на лекции о произведениях драматического жанра 1941-1960 годов.

**Abstract:** The purpose of the scientific article is to teach the drama genre of 1941-1960 years in the textbook of K. Artykbaev with strategies that increa During the period of the Great Patriotic War, there were only a few prominent dramatic works in Kyrgyz literature, but in the 1950s and 1960s, the number and quality of them increased dramatically.se oral speech in the educational process of universities. In the development of Kyrgyz drama during the war period, the main goal is to explain the ideological and plot content of the works of A. Osmonov, A. Tokombaev, K. Malikov, K. Zhantoshev, T. Abdumomunov, K. Eshmabetov to the students of the philology major of the higher education institution, and through it, to develop the oral communication of the students. Creates the content of the article. Dramatic works depicting the psychological conditions of people during the war and written with deep appreciation are relevant at any time of the period. In the article, some strategies and methods for developing the speaking activity of the students in the lecture of the drama genre in 1941-1960 were proposed. Dramatic works depicting the psychological conditions of people during the war and written with deep appreciation are relevant at any time

of the period. In the article, some strategies and methods for developing the speaking activity of the students in the lecture of the drama genre in 1941-1960 were proposed.

**Негизги сөздөр:** драма жанры; окуу процесси; идеялык; сюжеттик; стратегиялар; актуалдуу; адистиги; ыкмалар.

**Ключевые слова:** драматический жанр; процесс обучения; идейный; сюжет; стратегии; тематика; специальность; методы.

**Keywords**: drama genre; learning process; ideological; plot; strategies; topical; specialty; methods.

**Киришүү**

К. Артыкбаевдин “XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы” окуу китебиндеги 1941-1960 жылдардагы драма жанры согуш мезгилиндеги тылдын жана фронттогу турмуштук кырдаалды реалдуу көрсөтө алгандыгы менен баалуу болду. Ага жазуучулар А. Осмоновдун, А. Токомбаевдин, К. Маликовдун, К. Жантөшевдин, Т. Абдумомуновдун, К. Эшмамбетовдун чыгармалары мисал боло алат, анткени ал драмалык чыгармалардын идеялык мазмунунда согуш майданындагы жоокерлердин эрдиктерин көрсөтүлүп, даңазаланат. Драма жанрынын өзгөчөлүгүнө байланыштуу мазмундук идеясы фашисттерге каршы багытталган жалпы элдик патриоттук сезимдер реалдуу жана ишенимдүү образдар аркылуу берилгендиги окумуштуунун окуу китебинде анализделет. Улуу Ата Мекендик согуштун кайгылуу элеси алиге чейин адамдардын аң-сезиминен кете электиги согуш темасында жазылган ар кандай темадагы драмалардын чебер сүрөткерлерибиз тарабынан жарык көрүп, коомчулукка тартууланышы алардын ар кандай темада болгонуна карабастан, таасир этүүчү күчү өзгөчө экендиги менен түшүндүрүлөөрү К.Артыкбаев аталган окуу китеби тарабынан белгиленип көрсөтүлөт.

**Колдонулган методдор:** Оозеки речти өстүрүүчү стратегиялар.

**Изилдөөнүн объектиси:** 1941-1945-жылдардагы кыргыз адабиятынын тарыхында драма жанрынын изилдениши.

**Изилдөөнүн предмети:** 1941-1945-жылдардагы кыргыз адабиятынын тарыхында драма жанрынын өнүгүшүн профессор К.Артыкбаевдин “XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы” окуу китебине анализ жасоо, анын ийгилик, кемчиликтерин аныктоо жана улуттук адабият таануу илимибиздеги ордун оозеки речти өстүрүүчү стратегияларды колдонуп окутуу аркылуу тастыктоо болуп саналат.

**Талкуу жана натыйжа:**

“1941-1960-жылдардагы драма жанрын лекцияда «Оозеки речти өстүрүүчү стратегиялар» менен окутуу үчүн адегенде аудиторияны сабакка даярдоо жана кызыктыруу максатында “Бул кимдин мүнөзү” муз жаргыч колдонулат. А, окутуу процессинде оозеки речти өстүрүүчү стратегиялардан РАФТ, тыным менен окуу ыкмаларын колдонсок болот. Мурда өтүлгөн сабактагы тема боюнча бир сыйра студенттер жана окутуучу тарабынан эске салынып, жыйынтыкталгандан кийин жаңы сабакка чакыруу жасоо иретинде студенттерге: 1) Улуу Ата Мекендик Согуш жылдарындагы драма жанры тууралуу кандай маалыматтарды билесиңер? 2) 1941-1960-жылдар аралыгындагы кыргыз драматургиясына салым кошкон акын, жазуучулар кимдер деп ойлойсуңар? 3) Согуш мезгилинде жазылган кандай драмалык чыгармаларды билесиңер? деген сыяктуу суроолорду берип, алынган жооптордун негизинде бүгүнкү өтүлө турган лекциябыздын темасы согуш мезгилиндеги драма жанры боло тургандыгын белгилешет. Окутуучу студенттердин өтүлө турган тема боюнча пикирлеринин канчалык деңгээлде туура экендигин тастыктоо менен чындыгында бүгүнкү лекциябыздын темасы “1941-1945-жылдардагы драма жанры” деп, аудиторияга жарыялайт. Андан кийинки окутуучунун аткаруучу иш аракети төмөнкүдөй жүрөт. **1-кадам**. Адегенде студенттер “Зигзаг” стратегиясынын аткарылуу тартибиндей эле төрт топтогу студенттерге тынымга бөлүп окуу үчүн лекция таркатылат. **2-кадам.** Студентер тексти окуп ал жөнүндө ой жүгүртүшөт (4топтогу студенттер бир лекцияны 4 тыным менен окушат). **3-кадам.** Белгиленген убакыт бүткөндөн кийин 4-тыным боюнча бөлүнгөн 4 студент бир тайпага биригишет. **4-кадам.** Ар бир студент окугандары тууралуу өзүлөрүнчө ой жүгүрткөндөн кийин, 1-тыным өз түшүнүгүн, 2-3-4-студент өз тынымында окугандарын бирден ирээти менен бири-бирине айтып түшүндүрүшөт. Натыйжада, бир лекциянын мазмуну боюнча 4 студентте бир түшүнүк

пайда болот. **5-кадам.** 1ден 4кө чейин жаңы тема боюнча түшүнүк алган топтун ар бирине эми бышыктоо үчүн **1-топ кластер, 2-топ сүрөтчүлөр**, **3-топ актёрлор**, **4-топ педагогдор** болуп бөлүнүшөт. Берилген тапшырмалар боюнча бөлүнгөн убакыттын ичинде даярданышып, убактысы келгенден кийин өздөрүнө бөлүнгөн ролдорду презентациялап аткарып беришет. **1-топ** Т.Абдымомуновдун "Жыгылган оогонго күлөт" драмасы боюнча кластер жасашып, аны доскага илүү менен түшүндүрүшүп беришет. **2-топ** сүрөтчүлөр. "Жыгылган оогонго күлөт" комедиясындагы башкы каармандар Шермат абышка менен Атабаевдердин жараткан образдарын элестетишип, алардын сүрөттөрүн тартышат. Мисалы, Шермат чалдын образы кишини "бырс" күлдүргөн комикалык ситуацияларга, юмордук келекеге, калакайлаткан какшык сөздөргө, кыбааны кандырган кепке бай. Чынында эле кайсы учурда жашап жаткандыгын тана албай, жетиштүү оокатына дердеңдеп, жаш келин-кыздарды көрүп токол алууга оолугуп алган Шермат абышканын өрөпкүүлөрү чынында эле күлкүлүү. Мына ушул абышканы сүрөтчүлөр тобу кары, мурутчан, жашына ылайык кийим кийбеген кебетесин элестетип сүрөтүн тартышып, анын образын ошондой таризде оозеки айтып презентациялашат. **3-топ** актёрлор "Ашырбай" драмасы боюнча "Сахналык көрүнүш" уюштурушуп, драмадагы башкы каармандар Ашырбайдын кедей жигит Куланга болушуп, Дадый манаптын инисин токмоктоп койгон сахналык көрүнүштү алышыптыр. Ак-караны ажыратыш үчүн Дадый баштаган көпчүлүк дүрбөп чогулуп калат. Манаптын жигиттери менен мансаптуулар өлсө куну жок томаяк Ашырбайды тытып кеткени ыкыс берип турушат. Ошондо манаптык каадасын сактаган Дадыйдын ортого чыгып "Кичине чекилик кетиргендиги үчүн Ашырбай баатыр кичине кечирим сурап койсо болгону"- деген сөзүнө Ашырбайдын жооп берип турганы бул: "Дадый мырзанын адилеттиги ырас болсо, инисин жиберип, менден кечирим суратсын". Мына ушул кичинекей эпизод кимдин ким экендигин айкын көрсөтүп турат. **3-топтогулар** актёрлор болгондуктан, мына ушул каармандардын образдарын жаратышып сахналык көрүнүш жасашты. **4-тайпа** студент жана окутуучу катары согуштан кийинки кыргыз драматургиясын өнүктүрүү багытында акын А. Осмоновдун көп аракет кылгандыгын баса белгилешүү менен акындын «Махабат» аттуу пьесасында советтик жаштардын согуш мезгилиндеги сүйүү сезимине болгон туруктуу мамилеси көрсөтүлгөндүгүн, пьесада Махабат аттуу жигит катышат, бир караган адам драманын атына караганда анын башка каарманы ушул жигит болот го деп ойлошубуз мүмкүн. Бирок, чындыгында пьесадагы негизги сюжеттик өзөк, негизги окуялар бүт бойдон Махабаттын сүйгөн жары Жыпардын кыймыл-аракетине байланыштуу болгондуктан, чыгарманын башкы каарманы деп Жыпарды айтсак болот. Анткени пьесада Жыпардын махабатка, сүйүүгө туруктуулугу ар тараптан ачылат. Сүйгөн жары согушка кеткенден кийин Нурмат аттуу ач көз, соодагер чалдын батиринде жашап калып, Жыпар институттагы окуусун улантат. Бирок жетишпегендик, материалдык жактан кыйналуу аз келгенсип, бир жагынан, жаш төрөп, экинчи жагынан, алкы бузулган Нурмат чалдын аны алам деп айла-амал кылганына кабылып, бир катар кыйынчылыктарды башынан өткөрөт. Акыры Жыпар жакшы адамдардын жолдоштук, достук жардамы менен фронттон келген өзүнүн сүйгөн Махабатына кошулат. Пьесада ач көздүк, сараңдык, одоно сезим менен мөлтүр булактай тунук, чыныгы махабаттын ортосундагы турмуштук конфликт реалдуу көрсөтүлгөндүгү аталган драма өзүнүн актуалдуулугун мезгилдин ар дайым өзгөрүп тургандыгына карабастан жоготпой турган чыгармалардын катарын толуктайт деп, педагогдор өз тапшырмаларын презентациялаганга жетишишти.

Ар бир топ өзүнүн ролун аткаргандан кийин окутуучу алардын презентацияларында бүгүнкү лекциянын максаты канчалык деңгээлде жетилгендигине анализ жасоо менен сабак аяктайт.

**Корутунду**

«Кеп – бул интеллектти өнүктүрүүнүн каналы» [2, 6-б.] дейт орус лингвисти Н.И. Жинкин. Көпчүлүк мезгилде адамдар сүйлөө кебинин жардылыгынан – пикир алышууда, оюн жеткиликтүү айта албай калышы толук ыктымал. Кийинки мезгилдерде стденттер лекцияда мугалим окуп берген теманы сүйлөп же айтып берүү кыйын болуп бараткадыгы ЖОЖдордун окутуучулары үчүн жашыруун деле эмес. Анткени, анын себеби албетте, китепти азыраак окуп, көбүрөөк үн-сөзү жок видеолорго көңүл бурулгандыктан. Лекцияда «Сүйлөө ишмердүүлүгүн студенттерге үйрөтүү бул чыгармачыл ой жүгүртүүнү, психологиялык тажрыйбаны, адамгерчиликти,

улуттук нарк-насилди, сүйлөө адебин үйрөтүү дегендик» [3, с. 21]. Бирок студенттердин оозеки кебин өстүрүүдө жалгыз мугалим гана эмес, студент да аракеттенсе, мына ошондо жакшы жыйынтык болот. Жыйынтыктап келгенде аталган тема боюнча драма жанрын оозеки речти өстүрүүчү стратегияларды колдонуу менен окутуу – студенттерди өз темаларын эркин түшүндүргөнгө, өздүк ишенимдерин бекемдегенге, өздөрүнүн кемчиликтерин тууралаганга, эске тутуу жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүүгө, берилген маалыматы оозеки айтканга, биринин оюн экинчиси урматтаганга үйрөнүшөт. Демек мындан, К.Артыкбаевдин окуу китебиндеги “1941-1960-жылдардагы драма жанрын” окутууда оозеки речти өстүрүүчү ар кандай стратегияларды пайдалануу менен ар кандай формаларда лекциялык материалдарды даярдаса болот деген сунушту айтсак болот.

**Колдонулган адабияттар**

1. Артыкбаевдин К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы: жогорку окуу жайларында филология адистиги боюнча окуп жаткан студенттер үчүн окуу китеби. 2-бас. – Бишкек: “Турар”, 2015, 168-б.
2. Низовская И. Сын ой жүгүртүүнү өстүрө турган окуу жана жазуу: программасынын сөздүгү. – Бишкек, 2003, 6-б.
3. Стил Дж., Мередес К., Темпл Ч. Основы развития критического мышления: Пособие 1. – Бишкек: Фонд “Сорос Кыргызстан”, 1998.
4. Стил Дж., Мередес К., Темпл Ч. Дальнейшие методы, способствуюшие развитию критического мышления: Пособие 2. – Бишкек: Фонд “Сорос Кыргызстан”, 1998.
5. Үкүева Б. Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорлатуунун жолдору: Жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу китеби. – Бишкек: “Полирафбумресурсы”, 2022.

**Рецензент: пед.и.д-р, профессор Үкүева Б.К.**